3. Байденко В.И. Компетенции в профессиональном образовании (освоению компетентностного подхода) [Текст] / В.И. Байденко // Высшее образование в России.— 2004.—№11.-— С.24-29.
4. Гершунский Б.С. Прогнозирование содержания обучения в техникумах [Текст] / Б.С. Гершунский.//Учебно-метод. Пособие.—М.: Выс-шая школа, 1980.—144 с.
5. Дахин А.Н. Педагогическое моделирование: суңность, эффек-тивность и неопределенность. Теория и практика образовательной технологии. [Текст] / А.Н.Дахин — М.: НИИ школьных технологий, 2004.- 192 с.
6. Здравомыслов А.Г. Человек и его работа в СССР и после: Учеб. пособие для вузов. 2-е изд., испр. и доп. [Текст] /А.Г. Здравомыслов, В.А. Ядов –М.: Аспект Пресс, 2003. – 485 с
7. Зимняя И.А. Компетентностный подход в образовании (методолого- теоретический аспект)// Проблема качества образовании: [Текст] / И.А. Зимняя // Материалы Х1У Всероссийского совеңания. Кн.1 —М.:2004.
8. Зеер Э.Ф. Психология профессионального образования[Текст] / Э.Ф. Зеер. —М.:Изд-во Московского психолого-социального института; —Воронеж: МОДЭК, 2003.— 480 с
9. Зеер Э.Ф. Идентификация универсальных компетенций выпускников работодателем [Текст]/Э.Ф. Зеер, Д.Заводчиков//Высшее образование в России.—2007. —№11.– С. 39-45.
10. Зээр Э.Ф. Личностно-ориентированное профессиональное образование. [Текст] Э.Ф. Зеер, Г.М. Романцев // Педагогика .—2002. —№ 3. — С.16
11. Краевский В.В. Методология педагогики: прошлое и настояңее. [Текст] / В.В.Краевский // Педагогика. —2002, —№1 .— С.3-10.
12. Равен Дж. Компетентность в современном обңестве:выявление,развитие и реализация. / Дж. Равен. Пер.с англМ.:Когито-Центр, 2002,.—396 с.
13. Сериков В.В. Личностно-ориентированное образование [Текст]
14. / В.В. Сериков.// Педагогика. —1994. —С.16-27.
15. Сериков В.В. Образование и личность. Теория и практика проектирования педагогических систем. [Текст] / В.В.Сериков. –М.: Издательская корпорация «Логос»,1999. —272 с.
16. Хуторской А.В. Ключевык компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы образования. [Текст] // Хуторской А.В. //Народное образование.—2003.— №2.— С.58-64.
17. 15..Шадриков В. Д. Проблемы системогениза профессиональной деятельности [Текст] /В.Д. Шадриков —М.:Наука, 1982.—182 с
18. Шепель В.М.Человеческие компетентность менеджера: Управление антропология [Текст] / В.М. Шепель.—М.:1999. —178 с.

УДК: 370.153
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-184-190

**Сманбаев Ө. А.**
И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика кафедрасы, педагогика илимдеринин доктору, профессордун м.а
**Сманбаев О. А.**
КГУ им.И.Арабаева, кафедра педагогики, доктор педагогических наук, и.о. профессора
**Smanbaev** O. **A.**
KSU I. Arabaev, Department of Pedagogy, doctor of pedagogical sciences, Acting Associate

Professor

# АЙЫЛ МЕКТЕБИНИН ОКУУЧУЛАРЫН КОМПЕТЕНТТҮҮ КЕСИП ТАНДООГО ДАЯРДООНУ МОДЕЛДЕШТИРҮҮ
# МОДЕЛИРОВАНИЕ ПОДГОТОВКИ УЧАЩИХСЯ СЕЛЬСКИХ ШКОЛ КОМПЕТЕНТНОМУ ВЫБОРУ ПРОФЕССИИ
# MODELING THE PREPARATION OF STUDENTS IN RURAL SCHOOLS FOR A COMPETENT CHOICE OF PROFESSION

**Аннотация:** Макалада жаңы социалдык-экономикалык шарттарда айыл мектебинин окуучусунун компетенттүү кесип тандап алууга даядоонун теориялык модели жана анын структуралык компоненттери каралган.

**Аннотация:** В статье представлена теоретическая модель и ее структурные копмоненты подготовки сельского школьника к выбору компетентной профессии в новых социально-экономических условиях.

**Abstract:** The article presents a theoretical model and its structural components of preparing a rural schoolchildren to choose a competent profession in the new socio-economic conditions.

**Негизги сөздөр:** айыл мектеби, кесиптик багыт берүү, модель, мотив, окутуу, тарбиялоо, компетенттүүлүк

**Ключевые слова:** сельская школа, профориентация, модель, мотив, обучение, учебная компетентность**.**

**Key words:** rural school, vocational guidance, model, motive, learning, learning competence.

Азыркы кезде Кыргызстандын айыл чарбасынын квалификациялуу даярдыгы бар кесип ээлерине болгон муктаждыгы улам барган сайын өсүүдө. Биринчиден, Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарында айыл чарбасын туруктуу өнүктүрүү менен өлкөнүн азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуу милдеттери белгиленген. Экинчиден, айыл чарбасынын бардык тармактарына инновациялык технологиянын жетишкендиктеринин жана эмгекти уюштуруунун жаңы формаларынын (дыйкан-фермердик чарбалар, акционердик коомдор) киргизилиши, келечекте алардын ирилештирилген агро-өнөр жайлык ишканаларга, агрофирмаларга айланышы. Үчүнчүдөн, базар экономикасынын шарттарына колхоз-совхоздордун жоюлушу жумушсуздукту пайда кылып, айылда жашоочулардын, өзгөчө жаштардын шаарларга, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө миграциясын күчөттү.

Кийинки кездерде эмгекти уюштуруунун прогрессивдүү формаларынын киргизилишине карабастан жаңы техниканы жана технологияны киргизүүнүн кечеңдеши, эмгекти механизациялаштыруу процессинин төмөндүгү, окутуу, тарбиялоодогу, турмуш – тиричиликтеги шарттар окуучулардын арасында айыл чарбасындагы кесиптердин кадыр-баркын бир кыйла төмөндөтөт. Анткени, мектеп бүтүрүүчүсү үчүн кесип тандоодо алгач эмгек акынын деңгээли, руханий дүйнөсүнүн муктаждыгын канааттандыруу, андан кийин гана социалдык позициясынын калыптанышы мааниге ээ. Ошондой эле мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн жаңы шарттарга ылайык келген кесип тандоого начар даярдыгы, базар экономикасынын жана социалдык – укуктук коргоонун маселелерин билбегендиги алардын миграцияланышын күчөтүүдө. Көпчүлүк учурда жергиликтүү социалдык–өндүрүштүк

шартты эске албай жүргүзүлгөн кесиптик багыт берүү иши мектеп бүтүрүүчүсүнүн кесип тандоосуна эч кандай жардам бере албайт. Мына ушул жагдайлар окуучуларды айыл чарба кесиптерин тандап алууга даярдоого таасирин тийгизүүдө. Натыйжада, «Айыл жергесинде ким жашайт, ким эмгектенет?» деген суроо пайда болду. Мына ушул жагдайлар, белгиленген социалдык-экономикалык милдеттерди чечүү квалификациялуу даярдыгы бар, компетенттүү кесип ээлерин даярдоону күн тартибине коёт

Бүгүнкү күндө агрардык тармактын алдына коюлган мамлекеттик милдеттерди чечүү үчүн атайын билимге ээ, кесиптик даярдыгы бар адамдарды кайдан алабыз деген суроо келип чыкты. Окумуштуу М.П. Гурьянованын пикири боюнча бүгүнкү күндө айыл жаштарынын инновациялык потенциалын көтөрүү керек. Ал эми инновациялык потен-циалдын маанилүү критерийи бул жаштардын аң сезимдүү кесип тандап алышы, айыл чарбасында эмгектенүүгө даярдыгы, үй бүлө күтүп, өз ишин уюштура билүүсү, өзүнүн айылында туруктуу жашап калуусун тандап алуусу болуп саналат[3]. Мына ушуга байланыштуу айыл мектебинин окуучуларына туура кесип тандап алууга жардам берүүнүн зарылдыгы өстү. Мектептин бүтүрүүчүлөрү өз алдынча турмуш жолуна түшүүсүндө белгилүү деңгээлде жалпы билимге, эмгек көндүмдөрүнө ээ болушкандыктан кесиптик калыптануу стадиясынан бат өтүшүп, өндүрүшкө бат ыңгайланышат. Алар квалификациялуу жана чыгармачыл эмгекке кызыгышып, жалпы билимин көтөрүүнү социалдык позициясын бекемдөөнүн шарты катары карашат. Бул татаал соиалдык-экономикалык маселе катары төмөндөгүдөй факторлор менен аныкталат: биздин өлкөдө окуунун, жогорку билимдин кадыр-баркы жогору; айыл мектебинин бүтүрүүчүлөрү үчүн окуу көнүмүш, көпчүлүгү инерциянын күчү менен билимин улантууну каалашат, үй бүлөнүн материалдык шарты окуучулардын эмгекке катышуусун 3-5 жылга артка жылдырат. Себеби, алар үчүн бул маселе өзүнүн «Менин» издөө, инсан катары өзүн өнүктүрүү, өзүн бышыктоо» болуп саналат [2]. Мына ушулардын натыйжасында аларга билимин улантууга умтулуусу, шаарларга миграцияланышы, ж.б.у.с. өзгөчөлүктөр мүнөздүү.

+згөрүп турган коомдо өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн реализациялоонун зарыл шарты катары мобилдүүлүктү, бат ыңгайланууну эсептөөгө болот. Бул максатка жетүүдө инсандык, психологиялык аспектилерди, социалдык-экономикалык жана башка факторлорду эске алып моделдештирүү методун колдонуу натыйжалуу болуп саналат. Моделдештирүү методу изилдөөнүн мүмкүнчүлүгүн бир кыйла тереңдетип, бул багытта мугалимдердин кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүсүн оптималдаштырууга шарт түзөт.

Илимий адабияттарда модель түзүү окуучуларга билим жана тарбия берүүдө мааниге ээ боло тургандыгы белгиленген[1; 4; 5; 6 ж.б.]. Модель бул –изилденип жаткан реалдуу обьектини, кубулушту толук чагылдырбастан, ал натыйжаны аныктоого карата катнашы боюнча гана түп нусканын көчүрмөсү. В.В. Давыдовдун пикири боюнча моделде кубулуштун маанилүү элементтеринин байланыштары белгилик формалар түрүндө берилип, көрсөтмөлүү кабыл алууга, түшүндүрүүгө жардам берет[4]. Кесип тандоого даярдыктын теориялык модели - бул өзгөчө программа, аны пайдалануу кесипке багыт берүү ишинин конкреттүү милдетин, багыттарын, жолдорун, каражаттарын аныктоого жана ар бир этабын так уюштурууга жардам берет.

Изилдөөнүн предметине ылайык практикалык тажрыйбаларды жалпылоонун негизинде окуучуларды айыл чарбасындагы кесиптерди компетенттүү кесип тандап алууга даярдоонун моделин иштеп чыктык. Модель бүтүн система катары өз ара байланышкан элементтерден турат. Анын система түзүүчү элементи катары анын окуучуларды айыл чарба кесиптерин

компетенттүү тандап алууга даярдоого багытталган максатын эсептөөгө болот. Бул максатка жетүү төмөндөгү милдеттерди чечүүнүн жүрүшүндө ишке ашат:

1. Окуучуларды айыл чарбасынын илимий-практикалык негиздери. бул тармактагы кесиптер, ага коюлган талаптар, иш аракеттин негиздери боюнча теориялык билимдерге ээ кылуу.
2. Окуучулардын айыл чарба кесиптерине позитивдик эмоционалдык баалуулук мамиле жасоосун жана керектөөлөрүн калыптандыруу.
3. Окуучулардын айыл чарбасы менен байланышкан турмуштук кесиптик планын түзө билүү жөндөмүн калыптандыруу.

Моделди окуучунун инсанын өнүгүүсүнүн мейкиндигин аныктаган татаал система катары баалап, аны түзүүдө теориялык булактарга, айыл мектептеринде жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжаларына таянып, синер-гетикалык мамиле жасоонун контекстүүлүгү, конструктивдүүлүгү, толукталып туруусу деген принциптерин эске алдык.

Окуучуларды айыл чарбасындагы кесиптерден тандап алууга даярдоонун теориялык моделин түзүүдө окуу тарбия ишинин мазмундук жана процессуалдык аспектисин өркүндөтүүнү көздөдүк. Мазмундук аспект жергиликтүү шарттарды эске алуу менен окуу тарбия ишинин айыл чарба жана кесиптик багыт берүүчүлүк мазмунун методологиялык негиздөөгө, процессуалдык аспект окуучулардын кесиптик багыт берүүнү ишке ашыруунун этаптарын аныктоого багытталган

Модель коомдун социалдык заказы менен аныкталып, окуучулардын айыл чарбасындагы кесиптерден тандоого багыт берүү ишин долбоорлоонун, мазмунду, каражаттарды, форманы жана анын технологиясын аныктоонун негизи болуп саналат. Даярдык жөнүндөгү көз караштарга таянып, ачык, бүтүндүк жана динамикалык мүнөздө болгон, компоненттердин өз ара байланышын камсыз кылган, методологиялык, максаттык, мазмундук, иш-аракеттик, баалоочу-жыйынтыктоочу блоктордон турган моделди аныктадык.(№1сүрөт). Моделди ишке ашырууда окуучулардын компетенттүү кесип тандоого даярдыгынын деңгээлин, материалдык, кадрдык ресурстарды жана башка шарттарды эске алуу керек.


Моделдин методологиялык компоненти кесиптик багыт берүү ишине мамиле жасоонун социалдык-экономикалык, иш аракеттик, системалык, инсанга багытталгандык ж.б.у.с. багыттарын камтып, анын концептуалдык негизин аныктоого жардам берет.


Максаттык компонент- окуучуларды айыл чарбасындагы кесиптерди
компетенттүү кесип тандап алууга даярдоого багытталган мектептин окуу тарбия ишинин негизги максатын аныктайт. Белгиленген максатка жетүү милдеттер, принциптер, функциялар менен байланышып, конкреттештирилет. Мына ушуга ылайык окуучуларды айыл чарбасындагы кесипти тандоонун компетенцияларын калыптандыруу репродуктивдик, базалык, чыгармачыл деңгээлдерде ишке ашат. Мына ушул деңгээлдерди калыптандыруу окуучулар илимдердин негизин өзөштүрүү процессинде, класстан жана мектептен тышкаркы иштердин системасында ишке ашат. :

Мазмундук компонент- окуу тарбия ишинде кесиптик багыт берүү
ишинин натыйжалуулугуна жардам бере турган мугалим менен окуучунун иш аракетинин мазмунун жана түрлөрүн өзүнө камтып, төмөндөгүдөй маңыздык мүнөздөмөгө ээ болот: айыл чарбасыны менен байланышкан илимдердин негизи боюнча билимдер; атайын билимдер, билгичиктер жана көндүмдөр; кошумча билимдери; окуучулардын окуу-таанып билүү, окуу-практикалык, иш аракетинин жыйындысы ж.б.

Иш аракеттик-технологиялык компонент өзүнө диагноздоону, прогноздоону камтып, кесиптик багыт берүүнү ишке ашыруунун этаптарын, каражаттарын, форма, методдорун, шарттардын, технологиялардын комплекси менен мүнөздөлөт. Бул компонент окуучулардын компетенттүү кесип тандоого даярдыгын калыптандырууга таасирин тийгизген дидактикалык, уюштуруучулук, психологиялык жана педагогикалык шарттарды аныктоого мүмкүндүк берди. Ошондой эле окуучулардын айыл чарбасындагы кесиптерди компетенттүү кесип тандап алууга даярдыгын калыптандырууга таасирин тийгизген теориялык-прогноздоочу, практикалык багытталган методдорду технологияларды, традициялык каражаттарын, электрондук ресурстарды, техникалык каражаттарды (компьютер, проектор, интерактивдик доскалар ж.б.) колдонууга негизделет.

Баалоочу-жыйынтыктоочу компонентте окуучунун кесипти тандоого муктаждыгын, билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болушунун жана өзүн-өзү баалай билишинин критерийлери, анын кесип тандап алууга даярдыгынын деңгээлдери, мотивациялык, иш аракеттик, баалуулук-маанилик, когнитивдик компоненттери каралат. Баалоочу-жыйынтыктоочу






**1**-сүрөт.Айыл мектебинин окуучуларын компетенттүү кесип тандоосун калыптандыруунун модели

компоненттe окуучулардын компетенттүү кесип тандоонун компетенцияларын калыптанышы диагноздоо, корректировкалоо үчүн көрсөткүчтөрдүн системасы, баалоонун критерийлеинни жардамы менен аныкталат (рейтинг, баалоочу баракча,тест, анкета ж.б.).

Моделдин негизинде жүргүзүлгөн кесиптик багыт берүү ишинде төмөндөгүдөй жагдайлар эске алынышы керек:

— окуу тарбия ишинин айыл чарба, практикалык багыттуулугун жана кесипке багыт берүүчүлүк жагдайын арттыруу;

— окуу тарбия ишинде социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү, окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу ж.б.у.с.

— окутуу процессин класстан жана мектептен тышкаркы иштер менен байланыштыруу;

— жергиликтүү керектөөлөрдү эске алуу менен профилдик окутууну, тандоо курстарын уюштуруу;

— айыл мектебинде социалдык шериктештикти өнүктүрүү, ата-энелерди тарбия берүү иштерине тартуу

— окуучулардын коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгегин жаңы шарттарды эске алуу менен уюштуруу.ж.б.

Демек, кесиптик багыт берүүнүн моделдештирүүнүн максаты окуу тарбия ишинде окуучунун шыгын, жөндөмүн, жеке кызыгуусун жана айыл чарбасындагы муктаждыкты эске алып, аны бул багытта компетенттүү кесип тандап алууга даярдыгын камсыз кылууну көздөйт. Айыл мектебинде окуучуларга кесиптик багыт берүү иши озуп жүрүүчүлүк мүнөздө болуп, алардын теориялык, практикалык жана психологиялык даярдыгын жогорулатуу үзгүлтүксүз болушу керек.

### Колдонулган адабияттар:

1. Афанасьев В.Г. Моделирование как метод исследования социальных систем [Текст]/В.Г.Афанасьев // Системные исследования. Методологические проблемы. – М.: Наука, –1982. – С. 26-46.
2. Губанова М.И. Педагогическое сопровождения социального самоопределения старшеклассников.[Текст] / М.И.Губанова // Педагогика. 2002.– №9, – С.32-39.
3. Гурьянова М.П.. Инновационный потенциал сельской молодежи [Текст] / М.П. Гурьянова // Профессиональное образование. Столица. –2011– №2.– С.13-16.

4. Давыдов В.В. Теория развиваюнего обучения.[Текст] /В.В.Давыдов —М.: ИНТОР, 1996. – 544с.
5. Дахин А.Н. Педагогическое моделирование: сущность, эффективность и неопределенность. Теория и практика образовательной технологии. [Текст] / А.Н.Дахин — М.: НИИ школьных технологий, 2004.- 192 с.
6. Краевский В.В. Моделирование в педагогическом исследовании. [Текст] / В.В. Краевский – М.: Просвещение, 1988. – 239 с.

УДК 37.018.7
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-190-195

**Сухоленцева Елена Николаевна**
Тургенев атындагы Орлов мамлекеттик университети, психологиялык-педагогикалык жана атайын билим берүү технологиясы кафедрасы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
**Сухоленцева Елена Николаевна**
Орловский государственный университет имени Тургенева, кафедра психолого-педагогической и специальной технологии обучения, кандидат педагогических наук, доцент
**Sukholentseva Elena Nikolaevna**
Oryol State University named after Turgeneva, department of psychological-pedagogical and special technology training, candidate of pedagogy, docent

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АСПЕКТТЕРИНИН БИРИ КАТАРЫ КООМДУК БИРИКМЕДЕ ТОБОКЕЛ ТОБУНДАГЫ ӨСПҮРҮМДӨРГӨ ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ
## ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ СОПРОВОЖДЕНИЕ ПОДРОСТКОВ ГРУППЫ РИСКА В ОБЩЕСТВЕННОМ ОБЪЕДИНЕНИИ КАК ОДИН ИЗ АСПЕКТОВ ВОСПИТАНИЯ
## PEDAGOGICAL SUPPORT FOR ADOLESCENTS AT RISK IN A PUBLIC ASSOCIATION AS ONE OF THE ASPECTS OF EDUCATION

**Аннотация:** Бул макаланын максаты-коомдук бирикмедеги тобокелге салынган өспүрүмдөрдүн педагогикалык коштоосун тарбиялоонун бир аспектиси катары аныктоо. Коюлган максатты ишке ашыруунун алкагында төмөнкү милдеттер чечилет: 1) заманбап шарттарда тобокелдик тобундагы өспүрүмдөрдү тарбиялоо маселесин ачуу; 2) коомдук бирикмени балдардын социалдык активдүүлүгүнүн көрүнүшү катары аныктоо; 3) коомдук бирикмеде тобокелдик тобундагы өспүрүмдөрдү педагогикалык коштоо көйгөйүнө автордук мамилени сүрөттөө. Изилдөө коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабында тобокелге салынган өспүрүмдөрдү тарбиялоо маселесин сүрөттөйт. Балдардын коомдук бирикмелери балдардын социалдык активдүүлүгүн көрсөтүүнүн бир түрү катары каралат. Коомдук бирикмеде тобокелдик тобундагы өспүрүмдөрдү педагогикалык коштоо моделинин автордук негиздемеси келтирилген.

**Аннотация:** Целью данной статьи является определение педагогического сопровождения подростков группы риска в общественном объединении как один из аспектов воспитания. В рамках реализации поставленной цели решаются следующие задачи: 1)